**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоочулардын жана башка шайлоо процессинин катышуучуларынын арыздарын кароо комиссиясына**

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 02-14/4644
«24» 11 2021 ж/г

**Талас облусунун № 20 бир мандаттуу Манас шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер**
**Д. А. Джумабековдун шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Ашыркул уулу Кенжебек**
**Байланыш телефон: (+996) 502 379 858; 222 379 858.**

# Билдирүү

Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Н. Назарбековдун шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Ж.Т. Музуратбековдун бир топ жазган арыздарына төмөнкүлөрдү билдирем:

1. **17.11.2021ж. кириш № 02-14/4402** сандуу арызда талапкер Д.А. Джумабеков жана анын шайлоо үгүт иштерин жүргүзүү боюнча тобу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик атрибуттары жөнүндөгү мыйзамдын талаптарын жана шайлоо үгүт иштерин жүргүүзүүнүн талаптарын бузгандыгы тууралуу баяндаган. Арыз ээси аталган мыйзамдардын кайсыл ченемдерин бузулгандыгы тууралуу так маалымат көрсөткөн эмес.
2. **17.11.2021ж. кириш № 02-14/4403** сандуу арызда арыз ээси Ж.Т. Музуратбеков талапкер Д.А. Джумабеков жана анын бир тууган агасы Сабырбек Артисбекович Джумабеков Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 4-бөлүгүн талабын бузган деген жүйөнү билдирген, башкача айтканда 13.11.2021ж. “Супер KG” порталына 16 жаштагы эки буту баспаган Амантур Амиракуловго бекер операция жасала тургандыгы туралуу маалымат жарыяланып, макаланын жардамы аркылуу Сабырбек Артисбекович иниси Дастанбек Артисбековичке добуш топтоо максатын көздөгөн дегенге негиз жок. Себеби Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү укугун кыянаттык менен пайдалангандыгы туралуу далил жок, башкача айтканда Сабырбек Артисбекович өзүнүн кесиптик милдеттин аткарып жатат, ал эмгектенип жаткан медициналык борбор малекеттик мекеме-уюм болгондуктан Кыргыз Республикасынын жарандарына операциянын өзү бекер жасалары арыз ээсине белгисиз болушу керек, ошондой эле арыз ээси мындай доомат коюп даттануу жазардын алдында “Супер KG” менен “Супер ТВ” медиа порталдары эки башка уюм экенин аныктап алса туура болот эле, мындан тышкары талапкер Д.А. Джумабеков же анын өкүлдөрү “Супер KG” медиа порталы менен келишим түзүп иш алып баргандыгын тастыктаса болот эле.
3. **20.11.2021ж. кириш № 02-14/4532** сандуу арыз менен арыз ээси Д.А. Джумабеков жана анын шайлоо үгүт иштерин жүргүзүү боюнча тобу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик атрибуттары жөнүндөгү мыйзамдын 9-1 беренесинин талаптарын бузган деген негиз менен жоопкерчиликке тартууну сураган. Талапкер тарабынан шайлоо үгүт иштерин жүргүүзүүнүн талаптарын бузгандыгы тууралуу так маалымат жок деп эсептейм, себеби арыз ээси баяндаган дооматтар негизсиз, башкача айтканда талапкер Д.А. Джумабеков тарабынан Кыргыз Республикасынын Туусун гералъдикалык белги катары пайдаланган эмес, арыз ээси геральдика – деген терминди аныктап жана тактап

алып арызданса туура болмок, себеби Геральдика деген түшүнүк гербдерди же эмблемаларды таануу боюнча илим. Ал эми сөз болуп жаткан үгүт иштерине пайдаланган желектер дизайнерлер тарабынан атайын иштелип чыккан үгүт материалы болуп саналат, башкача айтканда талапкер Д.А. Джумабеков тарабынан Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу эмблема же герб катары колдонгон эмес.

Ал эми арызда белгиленген Д.А. Джумабековдун "Ак эмгегим элиме" аттуу китеби "Донус" ЖЧК басмаканасынан 2020-жылдын 19-сентябрында чыгарылган жана "Кыргызстан" саясий партиясынын шайлоо фондунан каржыланып 2020-жылдагы парламенттик шайлоо алдындагы үгүт материалы болуп саналарын белгилейм. Мындан тышкары 2021-жылдын 28-ноябрында боло турган шайлоо компаниясына мындай китептерге келишим түзүлүп басмаканаларга буйрутма берилген эмес. Ал эми арыз ээси бул китепти учурдагы үгүт иштерине тешеси бар жогун аныктабастан доомат койгонун негизсиз деп эсептейм, себеби былтыркы шайлоо алдындагы үгүт компаниясында 2000 даана китеп эле таратылганын билдирем.

4. **20.11.2021ж. кириш № 02-14/4533** сандуу арызда Ж.Т. Музуратбеков Д.А. Джумабековдун үгүт иштерине пайдаланган желектер качан? ким тарабынан даярдалган? жана ким тарабынан каржылангандыгы маалымат жок деген жүйөнү белгилеген. Арыз ээсинин бул суроосуна мындай деп жооп беребиз "БС-Проф" ЖЧК жетекчиси Д.А. Деменевдин берген аныктамасына караганда техникалык себептерден улам желектерге майда шрифт менен жазууларды түшүрүү мүмкүн эместигин көрсөтөт.

Жогорудагы арыз ээсинин негизсиз келтирген жүйлөрүнө ар тараптуу, калыстык менен баа берип четке кагууну суранам.

КР ЖК депутаттыгына талапкер
Д.А. Джумабековдун өкүлү

Ашыркул уулу Кенжебек

23.11.2021ж.